**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

## *Тема: "Кожожаш"*

## Мугалим: Болотканова Ч.Ж.

## 2017-2018

***Кожожаш кенже эпосун сахналаштыруу.***

Сабактан тышкаркы иш-чаранын максаты:

Кожожаш кенже эпосунан маалымат берүү.

Табиятка аяр мамиле жасоого тарбиялоо.

Колу менен кылганын башы менен тартарын түшүндүрүү.

***Катышуучулар:***

Автор

Кожожаш

Аксакалдар

Суречки

Зулайка.

***Автор:***

Илгери-илгери байыркы заманда кыргыздар тоо-тоодо көчүп –конуп жашап жүргөн кезде ,Кожожаш деген көзгө атар мерген чыгыптыр.Кожожаш мерген күн сайын ууга чыгып ,тоодон жапайы айбандарды атып келип,бир айыл элди багып жүрчү экен.Бара-бара анын мергендиги артып ,тоо эчкилердин көбүн кырып жоготот.

***Аксакалдар***:Балам,Кайберендин тукумун көп кырбасаңчы! Бизди каргап койбосун.

***Дагы башка бир карыя***: Айтканыңда калет жок.Мергендер 999 жаныбар аткандан кийин ,миңинчи окту аткан эмес.Миңинчи окту атса,мергенчинин үйүнөн кырсык кетпей,оору-сыркоо  көбөйөт дешчү эле,ата-бабалар.

***Аксакалдар***( чогуу хор менен)Ооба.айланайын ошондой дешчү эле ,токтотсоңчу Кожожаш!

***Кожожаш:*** Айланайын аксакалдар,эгер мен аңчылыкка чыкпасам элим ачкачылыктан куурабайбы?Жаш балдарыбыз кантет,кары-картаңдар мертинен тайышпайбы шорпо-шилең ичишпей?

***Автор:***Кожожаш шартты бузуп ,улуулардын тилин албай мергенчилигин уланта берет.Күндөрдүн  биринде ал аңчылыкта жүрсө алдынан Суречки чыгып адамча сүйлөйт:

***Суречки***: _Кожожаш!Сен биздин тукумубузду кырып түгөтмөй болдуң!Бул жарык дүйнөдө биз да жашайлы,эми мергенчилигиңди токтот!

***Кожожаш***: Э-эй,бул эмнеси,адамча сүйлөп жатабы бул эчки?Мен айылымды минтип бакпасам алардын көргөн күндөрү эмне болот?

.

***Суречки:-***Кой десем болбодуң,эми кыйын болсоң кууп жет!

## ***Кожожаш Суречкинин аркасынан кууйт.***

***Автор:*** Ошентип Кожожаш Суречкинин артынан бир нече күн кууп жүрүп бийик асканын башына чыгып кеткенин да байкабай калат.

***Суречки:***

Карапайым эмесмин ,

Кайберенмин аныкмын.

Айтканымды укпай койдуң ээ?

Эми мерген кандайсың,

Сага мен **энелигимди** тааныттым.

Тилекти берсе жараткан ,

Кайрылып жүзүн көрбөссүң

Аз гана кытай калкыңдын.

Арка жагың аска таш,

Айылыңды көрбө Кожожаш.

Үстү жагың үйдөй таш ,

Үйүңдү көрбө Кожожаш.

Шаты койсо жетпесин,

Кожожаш качан өлөт деп,

Үстүңдөн жору айланып кетпесин!

***Зулайка:***

Айланайын,Кожоке көрөр күнүбүз ушул беле?

***Кожожаш:***

Кейибегин алганым,

Кетти ичимде арманым

Бир эчкинин айынан

Билбедим зоодо калганым.

Анык болду Зулайка

Караны кийип кайгырып

Жесирлик күндө калганың

Кайыр кош ,журтум,кары,жаш

Эми таштайм жанымды

Асты оюмда жок эле

Аскада жаным калат деп.

Каары жаман өлүмдүн

Калың эл сенден бөлүндүм

Кадырын эстен чыгарба

Кайран мерген теңиңдин!

***Автор***:Ошентип ,Кожожаш бийик аскадан түшө албай өлгөн дешет.Күнөөсү жок айбанаттарды кырган,жаратылышка кастык кылган адам ушинтип ,ар кандай кырсыктарга кабылат,табиятка жамандык кылганга болбойт деп үйрөтүшкөн биздин ата-бабаларыбыз.


общеобразовательная школа №27


Средняя общеобразовательная школа №27


С ПРАЗДНИКОМ!


МАЙРАМЫНЫЗДАР МЕН
С ПРАЗДНИКОМ!


МАЙРАМЫНЫЗ
С ПРАЗДНИ


МАЙРАМЫНЫЗДАР МЕН
С ПРАЗДНИКОМ!